# Күнөскана



Автор: Халида Токоева

Сүрөтчү: Айжамал Борисова

# Күнөскана

Автор: Халида Токоева
Сүрөтчү: Айжамал Борисова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Күнөскана" (кыргыз тилинде), автор Халида Токоева, сүрөтчү Айжамал Борисова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Айлана аппак кар. Айгүл атасынын колун бекем кармап, элди аралап келе жаткан. Жол боюндагы мөмө-жемиш саткан чакан дүкөндүн жанына келгенде тып токтоду. Анткени айнектен кыпкызыл кулпунайды көрүп калган эле. Кызынын оюн түшүнгөн атасы дароо эле кулпунай сатып алды.

Эшиктен кирип келген экөөнү Кайрат тосуп алды.

– Ай-ий! Кулпунай чыгыптырбы?

– Ооба, күнөсканада өскөн да.

– Ата, апа, ооз тийиңиздер – деп Айгүл жууп, табакка салып келген кулпунайды дасторкон үстүнө койду.

– Ах, кандай даамдуу! Биз деле күнөскана курсак кандай болот? –деди Кайрат байкеси кулпунайды ыракаттанып жеп жатып.

Айгүл Кайрат байкеси экөө чогуу күнөскана куруу жөнүндө көпкө кеңешип отурушту.

Бир аздан кийин жылуу кийимдерин кийинип, сыртка чыгышты. Алар алгач ылайыктуу жерди даярдашты. Сарайдан зым, темир алып, тоң жерди араң дегенде казып, түркүктөрдү орнотуп алышты. Кайрат менен Айгүл бир топ аракет жасашты. Төрт бурчундагы зымды ийип, узун темирге байлап, терезеден ашкан полиэтилен плёнка менен күнөсканаhistogram жаап коюшту. Эми ичин топурак менен толтуруу керек дешти.





– Кайрат! Айгүл! Тамак ичкиле! – деп чакырган апасынын үнү угулду. Экөө көрүп коюшпасын деп шашкалактап үйдү көздөй бет алышты.

Дасторкон үстүндө атасы сөз баштады.

– Экөөң эмне кылып жүрөсүңөр?


– Биз күнөскана жасап жатабыз, – деп Айгүл чыдабай айтып жиберди.

– Күнөскана? – деп атасы, апасы жарыша суроолуу тиктешти.

– Ооба. Кулпунай өстүрөбүз, – деди Айгүл.

– Кулпунай эми качан бышат? – деп апасы тамашалады.

Төшөккө жатканда да күнөсканада өскөн кулпунай Айгүлдүн оюнан кетпей койду. Ал кыпкызыл, сол-сол болуп мөлтүрөп бышкан кулпунайларды элестетип жатып уктап кетти. Түшүнө жаркыраган күнөскана кирди. Төбөсүндө жасалма күн. Чоң-чоң ультрафиолет электр лампалары орнотулган. Жылыткыч менен жылытылып турат. Кулпунайлар түтүктөр аркылуу тамчылатылып сугарылып жатат. Ооз жагында желдеткич да орнотулган. Туш тарабы, жада калса чатыры да айнек. Солдордун ортосундагы бир киши батарлык ичке жолдо кулпунайларды Айгүл себетке өзү терип жүрөт. Көйнөгүнүн гүлдөрү да бажыраят. Кыш ызгаарында мындай шумдукту биринчи көрүшү. Кыпкызыл, эң чоңун тандап, эми оозуна сала берерде, "Айгүл! Тур, мектепке кечигесиң. Тура гой!" деген үндөн чочуп ойгонуп кетти.



Айгүл менен Кайрат мектептен келип эле, өздөрү жасап жаткан күнөскананын шамалдан кулап калганын көрүштү. Үйгө маанайлары жок киришти. Түшкү тамактанууда атасы балдарынын кабактарын карап, сөз баштады.

– Силер жасаган күнөскана кулап калганын көрдүм. Капа болбогула, чогуу жаңы күнөскана куралы. Алгач керектүүлөрдү тизмелеп алалы.

– Барак, калем алып келчи, – деп апасы кызын карады.

– Алгач биз каркасты тургузуп алуу үчүн эмнелер керек экенин жазабыз.

– Сөзсүз арматура керек. Аларды дого кылып ийебиз.

– Кантип сугарабыз? Ким суу ташып куюп турат? – деди Айгүл.

– Түтүктөрдү орнотобуз. Тамчылатып сугаруу керек.

– Тамчылатып сугарганды кайдан билесиң? – деп атасы таң калып калды.

– Кечээ ютубдан көргөм, – деди Кайрат.

– Азаматтар! Керектүү нерселерди билип алыпсыңар, – деди атасы балдарын мактап.

– Жылуулук системасын жана жарыкты орнотуу керек. Ал үчүн кабель, патрон, лампочкаларды жана электр эсептегич алышыбыз керек экен, – деди Кайрат атасынын мактоо сөзүнө эрдемсинип.

– Кана, баарын жаздыкпы?

– Эми каржы маселесин карайлы. Акча табуу керек.

– Буга көп акча керек болот, – деди апасы.

– Копилкамды ачам, – деди Кайрат.

– Мен дагы, – деди Айгүл байкесине кошулуп.

– Биз дагы кошобуз. Чогулткан акчадан алабыз, – деди атасы балдарынын аракетине ыраазы болуп.

Акчаларын эсептеп, керектүү материалдарды алып, баары биригип чакан күнөскана кура башташты. Атасы арматураларды бекитип, Кайрат ага жардам берип жатты. Апасы менен Айгүл полиэтилен плёнканы метр менен өлчөп, кесип даярдашты. Суу түтүктөрүн киргизүүгө коңшусу Самат байке жардамга келди. Кара топуракты буйрутма менен төктүрүштү. Электр жабдууларын орнотууда, атайын адистин кызматын пайдаланышты. Кулпунайдын эң жакшы сортунан алып келип тигишти. Айгүлдүн кубанычын сөз менен жеткирүүгө болбойт эле.

Арадан туура бир ай өттү. Дал Айгүлдүн түшүндөгүдөй сонун күнөскана болду. Кайрат жана Айгүл кулпунайдын бышканын чыдамсыздык менен күтүп жатышты...



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Халида Токоева
Сүрөтчү: Айжамал Борисова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**